*А. Зулпукаров, А.Б. Карбекова*

# Экономиканын өнгүүсү жана анын проблемалары

Артыбызга бир саам кылчайып карасак 60 жыл ичинде биз жашап жаткан коомдо кандай өзгөрүүлөр, жаңыналуулар болуп өттү. Ошондо төрөлгөн бала бүгүн аксакал абышка, ак элечек байбиче болушту. Ал эми өлкөбүздө да болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөр болду, ошолордун айрым бирлерине бир аз токтолуп кетейин.

1940 жылы республикабызда 5 облус, 47 район, 8 шаар, 551 айылдык кеңеште 1 млн. 528 миң адам, анын ичинен 790 миң гана кыргыз болсо, бүгүнкү күндө 7 облус, 40 район, 25 шаар, 443 айыл кеңешинде 5 млн.300 миң адам, анын ичинен 3 миллион 600 миңден ашык кыргыздар бар. Акыркы 67 жылда кыргыздардын саны 5 эсеге өскөн, ушундай өсүү темпи сакталса 2075 жылы кыргыздардын саны 16,5 миллионго жетет.

1940 жылы 1732 колхоз,36 совхоз болсо 1980 жылдардын аягында 180 колхоз жана 240 совхоз болгон. Ал чарбаларда 555 миң ири мүйүздүү кара мал, 2,5 млн. кой эчки, 407 миң жылкы болсо, 80 чи жылдардын аягында 1 млн. ири мүйүздүү мал, 10 миллиондон ашык кой эчки жана 260 миң жылкы болгон. Бүгүнкү күндө 4 миллионго жетпеген гана кой эчкилер бар.

Ал эми азыркы учурда жер жана агрардык реформанын жүрүшүнүн негизинде республикабыздагы колхоз, совхоздор жоюлуп, айдоо жерлер, мал жана мүлктөр айыл жеринде жашап жана иштеп келген элдерге таратылып берилди.

Мурунку колхоз, совхоздордун ордуна 262 миң чарбалык субьектилер, анын ичинен 261 миң жеке менчик фермерлер, дыйкандар жана кооперативдер, миңге жетпеген мамлекеттик чарбалар уюушулду.

Ошентип айыл чарбасында зор өзгөрүүлөр болуп, анын натыйжасында оң жана терс натыйжалар жаралды. Оң жагын айта турган болсок айыл тургундары жер, мал, мүлккө ээлик болушуп, эркин өз алдынча чарба жүргүзө башташты. Каалаган түрдөгү чарбаларды уюштуруп, каалаган продукция өндүрүп, каалаган баада сата алышат.

Терс жагы 70 жылда айыл чарбасында өнөр жайдын негизинде түзүлгөн зор айыл чарба комплекстери, талаачылыктагы, мал чарбасындагы, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө, сугат системасындагы, малдардын породалык составындагы жогорку жетишкендиктер кыска мөөнөттүн ичинде талкаланып, таланып, толонуп, жок болду. Аларды кайра ордуна коюу үчүн кеминде 20-30 жыл керек, эгерде мамлекетибиз айыл чарбасына тийешелүү көңүл бурса.

Жалалабат областы боюнча 2006 жылы айыл чарбасында 10995,7 сомдук продукция өндүрүлүп, 2005 жылга салыштырганда 3,5%ке көбөйгөн. Төмөндө негизги айыл чарба продукцияларынын өндүрүүнүн авалы жөнүндө чагылдырылат:

| Мал чарба продукция ларынын аталышы | 2005 жыл | 2006 жыл | 2006 жыл 2005 жылга % м-н | Айырмасы +, - |
|---|---|---|---|---|
| Эт(тирүү салмакта),тонна | 44048 | 44474 | 101,0 | 426 |
| Сүт, тонна | 203535 | 211119 | 103,7 | 7584 |
| Жумуртка, миң даана | 32543 | 32752 | 100,6 | 209 |
| Жүн (физ.салм.), тонна | 1571 | 1593 | 101,4 | 22 |
| Дан эгиндери, тонна | 193398 | 185561 | 95,9 | -7837 |
| Пахта, тонна | 79823 | 78228 | 98,0 | -1595 |
| Тамеки, тонна | 696 | 738 | 105,5 | 38 |
| Май өсүмдүктөрү, тонна | 32932 | 29764 | 90,4 | -3168 |
| Картошка, тонна | 80867 | 92608 | 114,5 | 11741 |
| Жашылча, тонна | 111543 | 123475 | 110,7 | 11932 |
| Бакча, тонна | 17228 | 16193 | 94,0 | -1035 |
| Мөмө-жемиш, тонна | 22813 | 35408 | 155,2 | 12595 |
| Жүзүм, тонна | 1809 | 3035 | 167,7 | 1226 |

Жогоруда көрсөтүлгөндөй областагы айыл чарба продукцияларынын көпчүлүк түрлөрү боюнча 2006 жылы 2005 жылга салыштырганда көбүрөөк өндүрүлгөн, айрыкча талаачылыкта.

Ушундай жетишкендиктерди жаратууда Жалалабаттагы зооветеринардык техникумдун салымы зор деп эсептейм, себеби айыл чарбасында негизги ролду анда иштеп жаткан агрономдор, зоотехник, ветврачтар ойной турганы баарыбызга белгилүү.

Мурунку мезгилде чарба, район, жада калса облус, республика жетекчилерин кызматка коюда, сөссүз түрдө алардын айыл чарба кесибине ээ экендиги эске алынган. Аларды алгачкы учурда республикабыздагы айыл чарба багытындагы техникумдар, андан кийин республикадагы жана Союздагы жогорку окуу жайлары даярдашкан.

Мисалы: 1960 жылы республикабызда 653 агрономдор, анын ичинен жогорку билимдүүсү 190 болсо, 1980 жылдардын орто чендеринде алардын сандары 1060га жетип, анын 572си жогорку билимдүү болушкан.

Ушул эле учурда зоотехниктердин саны 613төн, 1437 чейин жеткен, анын ичинен жогорку билимдүүсү 1960 жылдагы 197ден 1985 жылы 704кө чейин өскөн.

Ал эми ветеринардык врачтардын саны 60чы жылдары 909 болсо 80чи жылдардын орто ченинде 2440ка чейин жетип, мунун ичинен жогорку билимдүүлөрү 179дан 926га чейин өскөн.

Мына ушунун өзү эле айыл чарба кесиптеринин орто кесиптик жана жогорку окуу жайларында тездетилген темпте даярдалгандары, жана алардын айыл чарбасына эң зарыл керек экендиктери белгилүү болуп турат.

Бул жерде Жалалабат зооветеринардык техникумдун да зор салымы жана өз орду бар экендиги талашсыз.

Жалалабат шаары жөнүндө айта турган болсок, шаар 130 жыл ичинде болуп көрбөгөндөй өзгөрдү, жепирейгей ылай-саман тамдардын, тар-чаң баскан көчөлөрүнүн ордуна, азыркы замандын суроо-талаптарына толук жооп бере турган шаар өсүп чыкты. Анын аянты 88 чарчы километр, шаардын составында 1 Айылдык кеңеш, 6 калктуу пункттар кирип, анда 86 миңге жакын эл жашайт.

Шаарда бүгүнкү күнгө 4336 чарба жүргүзүүчү субьектилер, анын ичинен 140 мамлекеттик, 165 коммуналдык жана 4031 жеке менчик чарбалык субьектилер иштеп жатышат. Алар чыгарган өнөр жай продукцияларынын көлөмү 2006 жылы 1,6 миллиард сомду түздү. Эл керектөөчү товарлардын өндүрүүнүн көлөмү 6 млн.207 миң сомду түзсө, эл чарбасына 146 млн. сомдук капиталдык салымдар жумшалды. Ошондой эле чекене товар жүргүзүүнүн көлөмү 3,6 миллиард сомду түздү. Жогорудагы көрсөткүчтөрдүн көлөмү мурунку жылга салыштырганда бир топ жогору.

Экономикадагы негизги проблемалар төмөндөгүлөр:

1. Сырткы карызыбыз 2 миллиард доллардан ашык, сомго которгондо 100 миллиардга жакын, бул деген республикабыздын ички дүң продукциясынын жалпы жылдык көлөмүнө жакын;
2. Элибиздин жарымынан көбү жакырчылыкта жашашат;
3. Жашоонун төмөнкү чеги бир адамга бир айга 2000 сомдон ашты; Ал эми киреше менен айырмасы абдан жогору, индекцация жүргүзүлбөйт;
4. Коррупциянынын көлөмү ички дүң продукциянын көлөмүнүн 40тан 60 процентине чейин өстү;
5. Рыногуздун баарын чет элдик товарлар ээледи. Айта берсе түгөнбөйт.

Ушундай туңгуюктан чыгып кетүү үчүн бүгүнкү күндө өлкөбүздүн тийешелүү экономикалык программасы жок.